ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРДИН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМБЛЕЯСЫ

УКУКТУК МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР БОЮНЧА КОМИССИЯ

**ОНУНЧУ ЖЫЙЫН**

**2023-жыл 9-март, Анкара (онлайн)**

**Сунуштамалар**

# ТҮРКПАНЫН 15 ЖЫЛДЫГЫ МҮЧӨ МАМЛЕКЕТТЕРДИН АРАСЫНДАГЫ КЫЗМАТТАШТЫК

Парламенттик Ассамблея

ТҮРКПАнын мүчө өлкөлөрдүн ортосундагы достук мамилелерди өнүктүрүүдө чоң мааниге ээ экенин ***эске алып;***

Тынчтыкка, туруктуулукка, бакубаттуулукка, жакшы коңшулук мамилелерге, өз ара урматтоого жана диалогго жетишүү максаты менен региондук кызматташтыкты колдоо жана чыңдоо үчүн бар болгон мүмкүнчүлүктөрдү жана ресурстарды максималдуу түрдө пайдалануу менен түрк мамлекеттердин географиясындагы бардык тармактарда активдүү кызматташтыкты өнүктүрүүнүн зор маанисин ***белгилеп;***

Түрк кызматташтыгы мүчө мамлекеттердин жалпы географиялык, тарыхый жана маданий баалуулуктарына негизделген тилектештигине ***таянып,*** маселелердин жана демилгелердин кеңири спектри боюнча натыйжалуу диалог үчүн негиз түзүп, региондогу социалдык, саясий, экономикалык жана маданий чөйрөлөрдө кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүүгө, атап

айтканда, чыныгы өнөктөштүктү жана жакшы коңшулук мамилелерди орнотууга көмөк көрсөтөт деп эсептейт;

Бүткүл региондун жыргалчылыгы үчүн экономикалык, социалдык, гуманитардык жана экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө улуттук парламенттердин аракеттерин координациялоодо акыркы он беш жылдагы ТҮРКПАнын потенциалдуу ролунун маанилүүлүгүнө ***токтолуп;***

Мүчө мамлекеттердин ортосундагы кызматташтык боюнча диалогду чыңдоо биримдикти жана ынтымакты бекемдөөгө, ошондой эле ТҮРКПАга мүчө өлкөлөрдүн аймагында тынчтыкты жана туруктуулукту өнүктүрүүгө салым кошорун ***кабыл алуу менен;***

ТҮРКПАнын мүчө мамлекеттердин эл аралык жана регионалдык түзүмдөрү менен өз ара аракеттенүүсү кызматташтык байланыштарын кеңейтет жана өз ара ишенимге, өнөктөштүккө жана түшүнүүгө негизделген мамилелерди түзүүгө жардам беришине ***ишенүү менен;***

Эл аралык уюмдардын бардык деңгээлдерде ишине активдүү катышуунун маанилүүлүгүн ***белгилеп; (***мындай жигердүү катышуу учурдагы социалдык-экономикалык картинаны жакшыртат жана ТҮРКПА регионунда тынчтыкка, туруктуулукка жана гүлдөп-өнүгүүгө салым кошо турган кыйла конструктивдүү жана өнүгүү элементтерин камтыйт)

ТҮРКПАга мүчө парламенттердин ортосундагы кызматташтык түрк дүйнөсүнүн туруктуулугунун жалпы максаттарына жетишүү үчүн улуттук күч-аракеттерди жана эл аралык кызматташтыкты чыңдоого өбөлгө түзөрүн ***баса белгилеп;***

ТҮРКПАнын үзгүлтүксүз жолугушуулары жана анын улуттук делегацияларынын өз ара иш сапарлары мүчө мамлекеттердин парламенттеринин ортосундагы кызматташууда өз ара түшүнүшүүнү камсыз кылуу жагынан олуттуу кадамдарды түзүп жатканын ***белгилеп;***

Учурдагы кызматташтыктын ийгиликтүүлүгүн өз ара ишенимге, кеңешүүгө жана консенсуска негизделген иштиктүү чечимдерге

басым жасаган биримдиктин жана берилгендиктин уландысы катары ***көрүү менен; (***ТҮРКПА бул кызматташтыкты мамлекеттердин баа жеткис жетишкендиги катары баалап, жакынкы жылдарда аны бекемдеп, кеңейтүүнүн зарылдыгын түшүнөт)

Жалпысынан ТҮРКПАнын кеңири регионунда жана өзгөчө ар бир мүчө мамлекетте активдүү роль ойноого чечкиндүүлүгүбүзгө ***артыкчылык берип,*** ТҮРКПА жаңы кылымдын чакырыктарына эффективдүү жооп кайтарууда өзүнүн ролун мындан ары да күчөтүшү керек;

Акыркы жылдары ТҮРКПА мүчө мамлекеттердин ортосундагы мамилелерди өнүктүрүү жана кызматташтыкты чыңдоо боюнча маанилүү уюмга айланганын ***белгилеп;***

ТҮРКПАга мүчө өлкөлөрдүн парламенттерине төмөнкүлөрдү **сунуштайт:**

a) мамлекеттердин ортосунда кеңири синергияны *түзүү* жана региондо тынчтыкты, коопсуздукту жана туруктуулукту камсыз кылуу жана "Түрк дүйнөсүнүн көз карашы 2040"тын жалпы максаттарына жетүү үчүн ТҮРКПА регионундагы бардык тармактар боюнча кызматташтыктын потенциалын толук пайдалануу;

b) Тиешелүү тармактарда көп тараптуу регионалдык кызматташтыкты чыңдоо үчүн тиешелүү механизмдерди иштеп чыгуу максаты менен ТҮРКПА сунуштамаларынын аткарылышын *көзөмөлдөө;*

*c)* Көп тараптуу долбоорлорду жана макулдашууларды өз убагында ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү мүчө мамлекеттердин учурдагы мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө *көмөктөшүү;*

*d)* Региондогу тынчтыкты, туруктуулукту жана гүлдөп-өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн тиешелүү приоритеттүү тармактарда жаңы инструменттерди *активдештирүү,* бар болгон эки тараптуу же көп тараптуу макулдашууларды жана механизмдерди туура пайдалануу менен натыйжалуу иштөө;

*e)* Тынчтыктын, туруктуулуктун жана коопсуз гүлдөп-өнүгүүнүн деңгээлинен пайдалана алуу үчүн ТҮРКПАга мүчө болбогон түрк маданий географиясына кирген аймактарды жана өлкөлөрдү, айрыкча Түрк мамлекеттердин уюмуна (ТМУ) мүчө мамлекеттерди ТҮРКПА менен тыгыз байланыштарды түзүүгө *үндөп*;

*f)* ТҮРКПАга мүчө өлкөлөрдүн парламенттеринин мүчөлөрү менен эксперттеринин ортосунда тажрыйба алмашууга ылайык кызматташтыкты *өнүктүрүү;* бул маселе Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча комиссиянын сунуштамаларынын мурдагы тексттеринде да бир нече жолу эскертилген;

g) Тажрыйба алмашуу жана регионалдык кызматташтыкты жаңы концепциялар менен байытуу үчүн глобалдык, регионалдык же субрегионалдык уюмдар менен жумушчу байланыштарды жана мамилелерди *өнүктүрүү;*

*h)* ТҮРКПАга мүчө өлкөлөрдүн саясий жана экономикалык туруктуулугу жагынан мүчө мамлекеттердин ортосундагы кызматташтык механизминин негизи катары өз ара колдоосун *кабыл алуу;*

*i)* Үзгүлтүксүз ТҮРКПАга мүчө мамлекеттердин Эл аралык Коммисиялардын жана Адистештирилген Коммисиялардын төрагаларынын жолугушууларын туруктуулук жана чечкиндүүлүк менен *өткөрүп туруу;*

j) Өнүктүрүүнү колдогон регионалдык кызматташтыктын жаңы моделин иштеп чыгууда маанилүү конструктивдүү ролду ойноону *улантуу,* анткени ТҮРКПА акыркы он беш жыл ичинде өз ара жалпы максаттарга жетүүнү колдоо үчүн натыйжалуу аянтча болуп калды.